КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезексиз XII сессиясы**

Уч-Коргон айылы

25-май 2023-жыл

**Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2024-2025-2026-жылдарга болжолдуу планын бекитүү жана Уч-Коргон айыл өкмөтүнө Республикалык бюджеттен келип түшкөн акча каражаты жөнүндө**

# ТОКТОМ № 12/2

Уч-Коргон айыл өкмөтнүн экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысы А.Рахматуллаевдун Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2024-2025-2026-жылдарга киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорун Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2024-2025-2026-жылдарга болжолдуу көлөмүн Кыргыз Республикасынын “Бюджет Кодекси” мыйзамдарынын негизинде , сунушталып жаткандыгы жөнүндө жана жергиликтүү бюджетине өзгөртүү киргизүү жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Уч-Коргон айылдык Кеңешинин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясында каралгандыгын эске алуу менен Уч-Коргон айылдык Кеңеши

# ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы 49735,9 миң сомго, 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы 50692,0 миң сомго, 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы 50692,0 миң сом өлчөмүндө №1 тиркемеге ылайык жактырылсын.
2. Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн болжолдуу планы 49735,9 миң сомго, 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн болжолдуу планы 50692,0 миң сомго, 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин чыгышы бөлүгүнүн болжолдуу планы 50692,0 миң сом өлчөмүндө №2 тиркемеге ылайык жактырылсын.
3. Уч-Коргон айыл өкмөтү бюджетине Республикалык бюджетен Ген план даярдоо үчүн 4595,1 мин сом тиркемеге ылайык бюджеттик сметага өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин. (№ 3 тиркемелер тиркелет)

4. Финансы Экономика бөлүмүнүн башчысы-башкы эсепчи А.Рахматуллаевге бюджетке тийиштүү өзгөртүүлөр киргизуу жагы милдеттендирилсин.
5. Кадамжай райондук аймактык Каржы башкармалыгына жогорудагы өзгөртүүлөрдү көнүлгө алуу жагы суралсын.
6. Уч-Коргон айыл өкмөтү бюджетине кошумча 750 мин сом тиркемеге ылайык бюджеттик сметага өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин. (№4 тиркеме тиркелет)
7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Уч-Коргон айылдык Кеңешинин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Уч-Коргон айыл кенешинин**
**төрагасы:** **Б.Юрсунов**